К.Мырзабеков атындагы орто мектеби

# *Адабий окуу сабагы*

## **Тема:** ***Чептен эрдин күчү бек***

***3-а класс***

Башталгыч класстын мугалими:

Татыбекова Майрам

К.Мырзабеков атындагы орто мектебинин башталгыч классынын мугалими Татыбекова Майрам Мыктыбековнанын «Билим башаты-башталгыч класс» декадасында өткөн ачык сабагынын план конспектиси.

22.04.2021ж.

**3-а класс «Адабий окуу сабагы»**

| | |
|---|---|
| **Сабактын темасы:** | «Чептен эрдин күчү бек» |
| **Сабактын максаты:** | -Уламыштын маанисин түшүнүп, шар окууга үйрөнүү.<br>-Чыгармачыл жазууга үйрөнүү.<br>-Алган билимдерин турмуш менен байланыштыруу.<br>-Сабаттуу, ыраттуу жазууга үйрөнүү.<br>-Топто, жупта ынтымактуу иштөөгө үйрөнүү. |
| **Сабактын жабдылышы:** | Окуу керемет китеби, адабий окуу китеби, ватман, маркер, баалоо баракчасы. |
| **Сабактын тиби:** | Жаны материалды тааныштыруу. |
| **Колдонулуучу стратегиялар:** | Интерактивтүү окутуу, менталдык карта түзүү, “макта, сура, ондо” стратегиясы. |
| **Сабактын формасы:** | Топторго бөлүп иштөө. |

| | |
|---|---|
| **Сабак аралык байланыш:** | Адабий окуу, кыргыз тили, мекен таануу, сүрөт. |
| **Баалоо критерийлери:** | ✓ Шар окууну билсе;<br>✓ Оюн эркин айталса;<br>✓ Түшүнгөнүн айтып бере алса;<br>✓ Чыгармачыл жазууга үйрөнө билсе;<br>✓ Бири-бирин туура баалоого уйрөнсө; |
| **Сабактын жүрүшү:**<br>**Уюштуруу иши:** | -Жагымдуу маанай түзүү;<br>-Алтын эрежени кайталоо;<br>-Окуучулар саноо аркылуу 3 топко болуу; |

| | |
|---|---|
| **Мугалим интерактив-дүү окуу ыкмасы менен уламышты окуп берет.**<br><br>**Окуучуларга суроо-жооп менен кайтарым байланыш жазайт.** | **ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК**<br>*(Уламыш)*<br>Байыркы бир заманда эркин жашап жаткан эл болуптур. Ар жылы жоо каптап келип, мал-мүлкүн талап кетчү экен. Эл чогулуп дубал курушат, канчалык бекем курса да, дубал кулап, токтобой көчө бериптир. Ошондо токсондон ашкан бир карыя келип:<br>– Бир тирүү кишини көмбөсөңөр, дубалыңар көчө берет – дейт. Аны уккан бир жаш бала келип: «Мени көмгүлө, элдин керегине жарасам арманым жок», – деп дубалдын түбүнө келет.<br>– Жалгыз уулумду көмбөгүлө! Карыган апаңды кууратып, балам, бул кылганың кандай? – деп жалынып-жалбарат апасы. Анда уулу:<br>– Мени эл үчүн төрөдүм, элдин керегине жара дебедиң беле... Мен ансыз ак сүтүңдү актай албаймын! – дейт. Ошондо энеси уулунун айтканын угуп, анын акылдуу сөзүнө макул болуп, уулу менен кучакташып коштошот.<br>Турган эл баланы көмө башташат. Топурак-кум анын алкымына жеткенде, баягы карыя кайра пайда болот да:<br>– Токтогула! – деп жарыя айтат. – Бу баланы көмбөгүлө, эл үчүн жанын берүүгө даяр ушундай эр жүрөк уулдарыңар, акылман энелер болсо, ылайдан курулган чептин кереги<br> |
| **Менталдык карта түзүп иштөөнү үйрөнүү:** | • Окуянын картасы боюнча окуучулардын уламыш боюнча ой-пикирлерин бышыктоо;<br>• Окуучулардын тушунгондоруу боюнча ангемелешуу;<br>• Менталдык карта боюнча презентация кылуу; |
| **Чыгармачыл жазуу ишин жүргүзүү:** | • «Макта, ондо, сура» стратегиясы боюнча окуучулар жупта чыгармачылык ишин баалоо жүргүзөт:<br>• Ар бир окуучу жазуу ишин окуп берип, баалайт. |
| **Сабакты** | • Өзүн-өзү баалоо баракчасы менен баалоо жүргүзүү:;<br>• Баалоонун критерийлери боюнча баа коюу; |


| | |
|---|---|
| **жыйынтыктоо:** | • |
| **Үйгө тапшырма:** | • Уламышты шар окуп келүү;<br>• Окурмандын күндөлүгү менен иштөө; |
| | |

Сабакты уюштуруу учуру:



Сабактын темасы: «Чептен эрдин кучу бек»

Сабактын жүрүшүнөн үзүндү




Интерактивдүү окутуу стратегиясы




Менталдык карта түзүү











«Макта, ондо, сура» стратегиясы боюнча










КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ
МАТЕМАТИКА АМАЛДАРЫ
Окуу керемет


Автор
Редактор
Иштин аталышы
1. МАКТА
2. СУРА
Write-meter

# Чыгармачыл жазуу





# Сабактын анализи

**Күнү** 22-апрель 2021-жыл**.** **Классы** 3-а

**Мугалимдин аты-жөнү**: Татыбекова Майрам

**Предмети**: Адабий окуу

**Сабактын тамасы**: Чептен эрди күчү бек.

Окуучунун саны: 35. Катышканы: 33

**Сабактын жабдылышы:** Окуу керемет китеби, адабий окуу китеби,баалоо баракчасы,сүрөттөр.

**Колдонулган ыкма:** Интерактивдүү окутуу,"макта,сура,ондо" стратегиясы.

**Предмет аралык байланыш**: адабий окуу, кыргыз тили, мекен таануу,сүрөт.

**Баалоонун критерийлери**: Шар окууну билсе;

-оюн эркин айта алса;

-түшүнгөнүн айтып бере алса;

-чыгармачыл жазууга үйрөнө билсе;

-бири-бирин туура баалоого үйрөнө билсе

**Сабактын жүрүшү:** Уюштурду.

Жагымдуу маанай түздү.

**Мугалимдин иш-аракети**: Чыгарманы жарыя окуп берди,уламыштын маанисин түшүндүрдү,сабаттуу,чыгармачыл жазууга багыттады.

**Окуучунун иш-аракети:** топто активдүү иштей алышты,берилген суроолорго жооп беришти,Менталдык карта түзө алышты."Макта,сура,ондо" стратегиясы боюнча окуучулар жупта чыгармачыл ишин аткарышты.

**Мугалимдин жүрүм-турум методикасы**:

Иновациялык методдорду колдонду,жүрүм-туруму жакшы.

**Теманы бышыктоо**: Сабактын темасы бышыкталды.

**Баалоо:** Баалоо баракчасы менен бааланды.

**Үй тапшырма**:Текстти көркөм окуп келүү

**Сабактын жетишкен жагы**: Сабак максатына жетти.

**Сабактын жетишпеген жагы**: жок.

**Сабакка катышкандар**: Абдысадыкова С, Капарова Н, Калиева Р.

**К.Мырзабеков атындагы орто мектебинин башталгыч классынын мугалими**

**Татыбекова Майрамдын өтүлгөн ачык сабагынын**

**№ 4 ПРОТОКОЛУ**

Сабак өткөн күн 22-апрель. 3-а классы.

**Күн тартиби:**

1. Татыбекова Майрамдын ачык сабакка колдонгон ыкмаларды пайдалануусун талкуулоо.

2.Сабакта жетишүүсү начар окуучулар менен иштөөсү.

**1.Мугалимдин ой-пикири:**

Окуучуларым сабакка активдүү катышты, ой жүгүртүүлөрү терен,өз ойлорун эркин айтып бере алышты.Мен бул сабакта “Окуу керемет” долбоорунун негизинде түзүлгөн стратегияларды сабакта колдондум. Окуучуларыма “Менталдык карта” түздүрдүм. Алар кызыгуу менен топтордо активдүү иштеп беришти. Мен сабактын максатына жеттим деп ойлойм.

**2.Катышкан мугалим Калиева Рима:**

Алдынкы иновациялык методдорду колдонду, көрсөтмө куралдарды ыктуу пайдаланды. Окуучулары активдүү иштеп бере алышты.

**3.ОББ: Абдысадыкова Салтанат:**

Мугалим абдан кызыктуу сабак өттү. Сабагында “Окуу керемет” долбоорунун алкагындагы жаны ыкмаларды колдонуп, балдарды шыктандыруу менен сабактын максатына жетти.

Окуучулар топтордо активдүү иштеп бере алышты.Өз ойлорун так,эркин адабий тилде сүйлөп берүүгө аракеттеништи. Кол жазмалары эн жакшы,сабаттуу жазып бере алышты. Топтордо активдүү иштеп окуучулар өздөрүн көрсөтүштү.

**4.Секция жетекчиси:**

Сабак жогорку денгээлде болду. Мугалимдин иш-аракети,окуучулардын иш-аракеттери абдан жакшы иштей алышты. Окуучулар теманы толук өздөштүрүүгө

жетишти.Иновациялык технологиянын жардамы менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун көрсөтө алышты.

**Жогоруда айтылган ой пикирлердин негизинде төмөндөгүдөй токтом кылынды:**

1.Татыбекова Майрамдын иш-тажрыйбасы жайылтылсын.

2.“Окуу керемет” долбоорунун алкагында түзүлгөн стратегияларды колдонуу максатында башталгыч класстын мугалимдерине трейнинг өтсүн.